ӨМҮРДҮ САКТОО ТУРМУШТУ ӨЗГӨРТҮҮ

WFP
Дүйнөлүк Азык-түлүк Программасы

**БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУНУН ДҮЙНӨЛҮК АЗЫК-ТҮЛҮК ПРОГРАММАСЫ (БУУ ДАП) МЕНЕН ЖАШЫЛ КЛИМАТ ФОНДУНУН (ЖКФ)**

*“Кыргыз Республикасында климаттык тейлөө жана климатка сезимтал жашоого каражаттарды диверсификациялоо аркылуу азык-түлүк коопсуздугунун деңгээли төмөн аялуу жамааттардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү”*

Долбоору



**Климаттык тобокелдиктерди профилдештирүүнүн негизинде райондун жана ЖӨБО деңгээлиндеги социалдык-экономикалык программаларга жана пландарга интеграциялоо/киргизүү максаттарында иштелип чыккан**

# КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮҮСҮНӨЫҢГАЙЛАШУУ БОЮНЧА АК-ТАЛАА РАЙОНУ ҮЧҮН СУНУШТАЛУУЧУ ЧАРАЛАР

**Ноябрь - 2024**

## КИРИШ СӨЗ:

**Климаттын өзгөрүүсү:**

- климаттын адамдын глобалдык атмосферанын курамындагы өзгөрүүлөргө алып келүүчү ишмердүүлүгү менен тике же кыйыр түрдө шартталган өзгөрүүсүн билдирет[1] жана убакыттын салыштыруу мезгилдеринде байкалуучу климаттын табигый термелүүлөрү менен байланыштырылат.
- бул - адамдын ишмердүүлүгү менен байланышкан, климаттын орто көрсөткүчтөрүнүн байкалып жана болжолдонуп жаткан узак мөөнөттүү өзгөрүүлөрү, ошондой эле кургакчылык, катуу шамалдар жана суу ташкындары[2] сыяктуу аномалияларды камтыган климаттын өзгөрмөлүүлүгү.

**Климаттын өзгөрүүсүнө ыңгайлашуу –** климаттын өзгөрүүсүнүн факт түрүндөгү же күтүлгөн таасирине же анын кесепеттерине жооп катары ылайыкталуу болуп саналат жана зыянды төмөндөтүүгө же оңтойлуу мүмкүндүктөрдү колдонууга мүмкүндүк берет.

Табигый системаларда адамдын кийлигишүүсү күтүлүп жаткан климатка жана анын натыйжаларына ыңгайлашууну жеңилдетиши мүмкүн.

**Кыргыз Республикасы региондогу климаттын өзгөрүүсүнүн алдында өтө аярлуу өлкөлөрдүн бири болуп саналат[3]**, анткени өлкөнүн айыл чарбасы мөңгүлөрдөн эриген суудан абдан көз каранды, электроэнергиянын 90% гидротехникадан иштелип чыгарылат.

Өлкөнүн аймагында температура дүйнөлүк орто деңгээлден жана жылуулуук толкундарынан жогору көтөрүлүп, кургакчылыктын көбөйүшү менен айкалышы болжолдонууда.

**Климаттын өзгөрүүсүнүн жагымсыз кесепеттери[4]** метеоролигиялык жана гидрометеорологиялык коркунучтарга туш болуу деңгээлин күчөтөт жана бул тенденциянын тезделиши күтүлүүдө.

Бул тенденциялар акыркы жылдарда өтө айкын мүнөзгө ээ болду, муну менен бирге өзгөчө тынчсызданууну жарата турган төмөндөгү коркунучтар жана кооптуулуктар бар: жерлердин деградациясы, токойлордун оорулары, кыртыштын эрозиясы жана шордонуусу, аба ырайынын экстремалдуу кубулуштарынын өсүшү, ысык жана өзгөчө ысык мезгилдердин узарышы, сезондон тышкары үшүк жүргөн же интенсивдүү жаан-чачын болгон күндөр, дарыялардын агышынын жана тайыздашынын гидрологиялык режимдериндеги өзгөрүүлөр, мөңгүлөрдүн интенсивдүү эриши, биологиялык ар түрдүүлүктүн өзгөрүшү, узакка созулган кургакчылыктар, суунун аздыгы жана жетишсиздиги, кургак жердин, атмосферанын, гидросферанын, биосферанын ж.б. абалынын жана касиеттеринин өзгөрүшү.

Айыл чарбасы айыл райондору үчүн өтө чоң мааниге ээ, анткени эмгекке жарамдуу калкты жумуш менен камсыздоочу, туруктуу өнүгүү үчүн ресурстарды түзүүчү, калктын азык-түлүккө болгон керектөөлөрүн жана жалпы экономиканын өнүгүшүн камсыз кылуучу экономикалык ишмердүүлүктүн негизги түрү болуп саналат.

БУУ ДАП менен Жашыл Климат Фондунун (ЖКФ) “Азык-түлүк коопсуздугунун деңгээли төмөн аярлуу жамааттардын мүмкүнчүлүктөрүн климаттык тейлөө жана жашоого сезгич каражаттарды Кыргыз Республикасына диверсификациялоо аркылуу кеңейтүү” Долбоору климаттын өзгөрүүсүнүн алдында аярлуулукту төмөндөтүүгө жана айыл жамааттарынын ыңгайлашуу жөндөмдүүлүктөрүн жана туруктуулугун жогорулатууга багытталган.

БУУ ДАП менен ЖКФ долбоорунун 2-Компонентинин алкагында БУУ ДАПтын Кыргызстандагы өлкөлүк офиси 2023-2024-жылдарга карата КР ӨКМ, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, жергиликтүү жамааттар менен биргеликте максаттуу райондордун климаттык тобокелдиктеринин профилдерин түзүү, райондук деңгээлде жана дыйкандык (фермердик) чарбалардын (үй чарбаларынын) деңгээлде климаттын өзгөрүүсүнө ыңгайлашуу багытындагы чараларды биргелешип иштеп чыгуу боюнча чаралардын комплексин ишке ашырды.

Климаттын өзгөрүүсүнө ыңгайлашуу боюнча сунушталган чараларды райондун жана ЖӨБО деңгээлинде программаларга жана социалдык-экономикалык өнүгүүнүн пландарына интеграциялоо/киргизүү максатында иштеп чыгууда Кыргыз Республикасынын агроөнөржай комплексин туруктуу өнүктүрүүнү, азык-түлүк коопсуздугун бекемдөөнү, жаратылыш ресурстарын натыйжалуу колдонууну, климаттын өзгөрүүсүнө ыңгайлашууну, камсыздоо чөйрөсүндөгү негизги стратегиялык жана программалык документтерине, Муну менен бирге КР Президентинин 2024-жылдын 22-июлундагы «Кыргыз Республикасынын агроөнөржай комплексин мындан ары өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндө» Указына көңүл бурулуп, эске алынды.

Райондун жана ЖӨБО деңгээлинде программаларга жана социалдык-экономикалык өнүгүүнүн пландарына интеграциялоо/киргизүү максаттарында климаттын өзгөрүүсүнө ыңгайлашуу боюнча сунушталган чараларда иштердин көлөмдөрүнүн жана финансылык каражаттарга болгон керектөөлөрдүн сандык маанилери болжолдуу түрдө берилди, анткени реалдуу жана кыйла так муктаждыктар профилдүү адис-эксперттер тарабынан чаралар/аракеттер жүргүзүлүп жаткан жерди,

[1] https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/climate_framework_conv.shtml
[2] https://www.un.org/ru/youthink/climate.shtml
[3] httnjust.gov.kg/11990/edition/1205614/ru
[4] https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/climate_framework_conv.shtml

факт түрүндөгү көлөмдөрүн, түрлөрүн, адистик тармагын, мүнөзүн жана иштерди аткаруунун пландаштырылган мөөнөттөрүн, техникалык-экономикалык негиздемелерин, долбоордук-сметалык эсептөөлөрүн, финансылык-экономикалык жана башка эсептөөлөрүн эске алуу менен аныкталууга тийиш.

***Бул изилдөөдө айтылган тыянактар авторлорго таандык жана БУУнун Дүйнөлүк азык-түлүк программасынын көз карашын чагылдырбайт.***

***БУУнун Дүйнөлүк азык-түлүк программасы бул изилдөөдө камтылган маалыматты булакка шилтеме берүү шарты менен жайылтууну үндөйт.***

Райондун жана ЖӨБО деңгээлинде программаларга жана социалдык-экономикалык өнүгүүнүн пландарына интеграциялоо/киргизүү максатында климаттын өзгөрүүсүнө ыңгайлашуу боюнча сунушталып жаткан чаралар, ошондой эле, дыйкандык (фермердик) чарбалардын (үй чарбаларынын) деңгээлинде практикага киргизүү менен байланышкан бардык суроолор боюнча БУУ ДАП адиси Руслан Ерматовго, +996 555 946 165, ruslan.ermatov@wfp.org жана «Альтернатива» Коомдук Фондунун директору Джергалбек Укашевге, +996 778 705 161, ukashev_g@mail.ru кайрылууну суранабыз.

| **Учурдагы климаттын өзгөрүүсүнө байланышкан кырдаалдын анализинин<br>НЕГИЗГИ КОРУТУНДУЛАРЫ** |
|---|
| *(Ак-Талаа районунун Климаттык тобокелдиктер профилинин маалыматтарынын негизинде кыскача баяндама)* |

**1993-2022-ж.ж. мезгилдеги климаттын өзгөрүүсүн баалоонун негизги корутундулары болуп төмөнкүлөр саналат:**

- абанын температурасынын жогорулашы, өзгөчө жылдын биринчи жарымында, ноябрда температуранын интенсивдүү төмөндөшү;
- жылдын вегетациялык мезгилинде кургакчылыктын интенсивдүү күчөшү;
- жылдын вегетациялык мезгилинде жылуулук стресстеринин күчөшү;
- эрте келген туруксуз жаз жана кайталануучу сууктан улам келтирилген зыяндын көбөйүшү;
- күздүн кыйла эрте келиши.

**Климаттын өзгөрүүсүнүн оң таасирдүү аспекттери катары төмөнкүлөрдү бөлүп кароого болот:**

- жылдын суук мезгилинин кыскарышы;
- вегетациялык мезгилдин узарышы жана чогултулган жылуулуктун көбөйүшү.
- Ала-Буга дарыясындагы суунун көлөмүнүн жогорулашы

Болжолдорго ылайык жакынкы 20 жылда абанын температурасынын өсүшү жылдын бардык айларында күтүлөт, жылдын жылуу мезгилиндеги жылуулук стресстеринин күчөшү жана кургакчылык күчөйт жана бул температуранын жогорулашы жана кышкы жаан-чачындын азайышы менен шартталат. Кыш мезгилинин кыйла жылуу жана нымдуу болушу күтүлөт.

**Гидрологиялык агуулар** орто (оптимисттик) сценарий боюнча жылыга жогорулашы күтүлөт, вегетациялык мезгилде норманын ченеминде. Айлардын кесиминде жогорулаган агымдар январь-март айларында, майда, сентябрдан декабрга чейин божомолдонот. Суунун максималдуу чыгымы (суу ташкынынын жогорку чокусу) 2024-2028-жж май-июнь айларында жогорулашы белгиленет, ал эми 2029-2040-жж май жана июнь айларында суунун көлөмү кыйла жогорулайт.

Аныкталган метеорологиялык, агрометеорологиялык жана гидрологиялык параметрлердин өзгөрүү тенденцияларынан тышкары, айыл чарба секторунун жана анын өз алдынча системаларынын жана подсистемаларынын таасирге дуушар болушунун деңгээлине кооптуу жана жагымсыз кубулуштардын кайталанышы себеп болот. Аларга ыңгайлашуу чаралары ички, өзгөчө (жекече) деңгээлдеги чарбачылыкка аба ырайынын жана климаттык кубулуштарынын тобокелдиктеринин минималдаштырууга багытталышы керек.

Ак-Талаа районунун Климаттык тобокелдиктеринин профилинде кооптуу кубулуштардын кайталануусу Баетов метеостанциясынын акыркы 10 жылдагы маалыматтарына ылайык эсептелген. Төмөнкү кооптуу кубулуштарга кошумча көңүл буруу талап кылынат:

- **үшүк жүрүүлөр**[5], жылдардын 30%да марттын аягына - апрелдин биринчи декадасына дал келип, жемиштүү жана данектүү өсүмдүктөргө орто же олуттуу зыян келтирилишин шарттаган;
- күндүзгү температура 30°Сден ашкан **ысык күндөр** жайкысын бардык жайкы күндөрдүн 16% да байкалган;
- **узакка созулган жаан-чачындар** жок дегенде бир үчүр бир айга (≥5 мм үч күн жана андан ашуун күндөр аралыгында) 10 жыл ичинде бир жолкудан (10%) март жана октябрь айларында байкалган

**Кырдаалдардын байкалып жаткан көп жылдык статистикасы:**

**1998-2023-жылдарга карата 25 жылдык мезгилдин аралыгында** Ак-Талаа районунда климаттын өзгөрүүсү менен шартталган жагымсыз кесепеттерден улам бардыгы болуп **69 өзгөчө кырдаал** жаралды.

Сел жүрүүлөрдөн жана башка табигый-климаттык мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардан (ӨК) айыл чарбасына, суу жана токой чарбаларына келтирилген жыл сайынкы материалдык зыян орто эсеп менен 337.0 миң. сомду түзөт.

[5] Последние весенние отрицательные температуры, возникшие после начала активной вегетации

Андыктан, көп учурларда жергиликтүү бийликтер тарабынан кургакчылык, катуу ысык аба ырайы жана башка өзгөчө кырдаалдардын терс кесепеттерин жазып-каттоо жана баалоо жүргүзүлбөйт.

Эл аралык ASI айыл чарба стресс индексин колдонуу менен долбоордун эксперттеринин баасы боюнча ал жылына административдик аймактын ичиндеги кургакчылыктан жабыр тарткан жерлердин жана жайыттардын пайызын көрсөтөт. **Катуу кургакчылык,** айдоо жерлердин 50%дан ашыгына жана 20-28%га потенциалдуу зыян келтирилген жайыттардын саны **2007, 2008, 2014-жылдары** байкалган. 2006, 2019, 2021-жылдары айдоо жерлердин 40...44% жана жайыттардын 13...34%на потенциалдуу зыян келтирген орточо кургакчылык байкалган. 2018-жылдан 2022-жылга чейин орточо жана жумшак кургакчылык жыл сайын болуп турат.

**Табигый-климаттык мүнөздөгү кырсыктардын тобокелдигинин ыктымалдуу болжолу:**

Жакынкы он жылдыктарда, 2040-2050-жылдарга чейин, Ак-Талаа районундагы климаттын өзгөрүүсүнүн терс кесепеттери тике же кыйыр түрдө төмөнкү табигый-климаттык мүнөздөгү негизги тобокелдиктер менен байланышта болушу жана шартталышы мүмкүн:

| | **Табигый-климаттык мүнөздөгү негизги тобокелдиктер**<br>2050-жылга чейинки ыктымалдуу болжол<br>*Негизги тобокелдиктерди болжолдонуп жаткан коркунучтардын маанилүүлүгүнүн деңгээлине жана социалдык-экономикалык кесепеттердин оордугунун деңгээлине карата бөлүштүрүү*<br>***Ак-Талаа районунун айыл чарба, токой жана суу чарба секторлору үчүн*** | Ыктымалдуу орто көп жылдык пайыздык катыш<br>**100%** |
|---|---|---|
| 1. | Сел жүрүүлөр жана ташкындар | **14 %** |
| 2. | Токойлордогу жана тоолордогу өрттөр, талаалардагы жана эгин массивдериндеги өрттөр | **13 %** |
| 3. | Кар көчкүлөр | **11 %** |
| 4. | Катуу шамал | **10 %** |
| 5. | Үшүк жүрүүлөр, бубак, катуу жааган кар, кардуу бороондор, аяз. | **9 %** |
| 6. | Кургакчылык: кыртышта жана атмосферада | **9 %** |
| 7. | Катуу жаан, нөшөрлөр, кар аралашкан жаан, суу кар аралашкан жаан, узакка созулган жаандар | **8 %** |
| 8. | Малдын массалык инфекциялык ооруларга чалдыгышы | **7 %** |
| 9. | Айыл чарба өсүмдүктөрүн отоо чөптөрдүн жана зыянкеч курт-кумурскалардын массалык капташы | **7 %** |
| 10. | Ысык аба ырайы жана ысык жел | **5 %** |
| 11. | Ири мөндүр | **3 %** |
| 12. | Суу каптоо, кыртыш сууларынын деңгээлинин жогорулашы | **2 %** |
| 13. | Жер көчкүлөр | **2 %** |

**Климаттын өзгөрүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү :**

♦ **Атмосфералык жаан-чачындардын жаашынын жана температуралык режимдердин өзгөрүүсүнүн байкалышы** кар кыртышынын туруктуу сакталышынынын өзгөрүүсүнө, жылдын мезгилдеринин дароо өзгөрүүсүнө, өзгөчө кыштын жана күздүн өзгөрүүлөрүнө алып келет. Бул жагдай өстүрүлгөн өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын адаптивдик реакциясына таасирин тийгизет жана жайыттардын түшүмдүүлүгүнүн өзгөрүшүнө алып келет;

♦ **Аба ырайынын кескин өзгөрүүлөрүнүн санынын жана кооптуу табигый кубулуштардын кайталанышынын көбөйүшү байкалып жатат,** анын ичинде, - кургакчылыктар, үшүктөр, экстремалдуу жогору же төмөн температуралар, катуу шамалдар, жер кыртышында нымдын көбөйүп кетишине алып келүүчү узакка созулган жаан-чачындар, интенсивдүү нөшөрлөр жана чагылган, мөндүр, кышкы мезгилдеги узакка созулган жылуу күндөр, тоңголок, экстремалдуу төмөн температураларда кардын жаабашы же калың кар катмары.

Мындай аба ырайынын шарттары ар кандай айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүдө, малды жайытка чыгарганда жана жайыттардын продуктивдүүлүгүндө татаалдашууларды жаратат жана табигый ӨК пайда болушуна шарттарды түзөт;

♦ **Гидрометеорологиялык себептерден улам пайда болгон табигый процесстер,** алардын ичинде – жазгы суу каптоо, сел агуулар, жер көчкүлөр, кар көчкүлөр, дарыялардагы суунун көтөрүлүшү, бийик тоолуу жайыттардын сазга айланышы - **көбөйгөнү байкалууда.** Бул процесстер социалдык-экономикалык аспектте кооптуулуктардын жогорулашын, эгин талааларынын жана жайыттардын деградациясын жаратып, атүгүл аларды эгин айдоону которууга жана жайыт которууга жараксыз кылып, айыл чарба малдарынын кырылуу коркунучун пайда кылат.

♦ **Токой жана тоо өрттөрү, талаа дан аянттарынын өрттөрү,** сел жана суу ташкындары, кар көчкүлөрү, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн илдеттерден, отоо чөптөрдөн жана зыянкечтерден массалык зыянга учурашы, жаныбарлардын жугуштуу массалык оорулары, катуу (ураган) шамалдар, узакка созулган, нөшөрлөгөн жаан-чачындар, нөшөрлөр ( кар менен жамгыр, нымдуу кар) калың кар, сел, жер көчкү жана башкалар **байкалат .**

**Ак-Талаа районунун социалдык-экономикалык өнүгүү пландарына жана программасына интеграциялоо/киргизүү үчүн райондун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын – ЖӨБО** *(айыл аймактардын)* **деңгээлинде климаттын өзгөрүүсүнө ыңгайлашуу боюнча**

# СУНУШТАЛУУЧУ ЧАРАЛАР

**Маанилүү эскертүү:** Иштердин көлөмдөрүнүн жана финансылык каражаттарга болгон керектөөлөрдүн сандык маанилери болжолдуу түрдө берилди, анткени реалдуу жана кыйла так муктаждыктар профилдүү адис-эксперттер тарабынан чаралар/аракеттер жүргүзүлүп жаткан жерди, факт түрүндөгү көлөмдөрүн, түрлөрүн, адистик тармагын, мүнөзүн жана иштерди аткаруунун пландаштырылган мөөнөттөрүн, техникалык-экономикалык негиздемелерин, долбоордук-сметалык эсептөөлөрүн, финансылык-экономикалык жана башка эсептөөлөрүн эске алуу менен аныкталууга тийиш.

| № | Сунушталуучу чаралар/аракеттер | Ишке ашырылуу мөөнөттөрү | | Күтүлгөн натыйжалар | Аткаруучулар | Финансылык каражаттарга карата күтүлгөн керектөөлөр (болжолдуу) | Сунушталган каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кыска мөөнөттүү мезгил 2025-2026-ж.ж. | Узак мөөнөттүү мезгил 2027-2030-ж.ж. | | | | |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| | **1. Суу чарбасы / Ирригация** | | | | | | |
| 1. | Райондун суу чарбасынын/ирригация системасынын бардык инфраструктурасына толук инвентаризация жүргүзүү, ошондой эле, жаңы уюштурулган Ала-Буга, Кара-Бүргөн, Баетов, Тоголок-Молдо айыл аймактарында алардын учурдагы абалын аныктоо жана суу чарбасын/ирригация системасын кыска мөөнөттүк жана узак мөөнөттүк өнүктүрүү планын иштеп чыгуу. | 2025-жыл | | - Суу чарбасынын/ирригация системасынын бардык инфрастуруктурасына инвентаризация жүргүзүлдү;<br>- Суу чарбасынын/ирригация системасынын секторунун учурдагы абалы жана көйгөйлөрү аныкталды;<br>- Суу чарбасынын/ирригация системасын өнүктүрүүнүн кыска мөөнөттүк жана узак мөөнөттүк өнүктүрүү планы иштелип чыкты | ЖӨБО РСЧБ, РМА жана ЖӨБО менен биргеликте | Болжол менен 1,0 - 2,0 млн. сом | РСЧБ (МВСХПП), РМА жана 5 ЖӨБО, жаңы уюштурулган айыл аймактары АВП каражаттарынын эсебинен |
| 2. | Ири (магистралдык) каналдарга, приоритеттүү тартипте чара колдонууну талап кылган участоктордо ремонттук-кайра калыбына келтирүү иштерин (кеңейтүү, модернизациялоо, бетондоо) жүргүзүү. | Биринчи кезектеги 15,0 тен 25,0 км чейинки каналдарда ремонттук-кайра калыбына келтирүү иштерин жүргүзүү. | Экинчи кезектеги участоктордо 60,0 дан 120,0 км чейинки каналдарда ремонттук-кайра калыбына келтирүү иштерин жүргүзүү. | – Алгачкы жана экинчи кезектеги тилкелерде ири (манистралдык) каналдарда оңдоо-калыбына келтирүү иштери аткарылды;<br>– Айыл чарба жерлеринде жерди айдоо аянттары кеңейтилди жана сугаруу жакшыртылды;<br>– 5 %дан 15%га чейин жылдык сугат суунун текке кетүүсү азайды. | РСЧБ, РМА жана ЖӨБО биргеликте | 2025-2026 жж – 40,0 млн сомго жакын<br>2027-2030 жж – 200,0 млн. сомго чейин | РСЧБ (МВСХПП), Республикалык бюджет, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр (макулдашуу боюнча) |
| 3. | Ала-Буга, Кара-Бүргөн, Баетов, Тоголок-Молдо айыл аймактарынын чарба аралык каналдарына приоритеттүү тартипте чара колдонууну талап кылган участоктордо ремонттук-кайра калыбына келтирүү иштерин (кеңейтүү, модернизациялоо, бетондоо) жүргүзүү. | Биринчи кезектеги участоктордо 50-100, км чейинки чарба аралык каналдарда ремонттук-кайра калыбына келтирүү иштерин жүргүзүү | Экинчи кезектеги участоктордо 300,0-400,0 км чейинки чарба аралык каналдарда ремонттук-кайра калыбына келтирүү иштерин жүргүзүү. | – Алгачкы жана экинчи кезектеги тилкелерде ири (манистралдык) каналдарда оңдоо-калыбына келтирүү иштери аткарылды;<br>– Айыл чарба жерлеринде жерди айдоо аянттары кеңейтилди жана сугаруу жакшыртылды;<br>– 10 %дан 20%га чейин жылдык сугат суунун текке кетүүсү азайды. | РСЧБ, РМА жана ЖӨБО ведомстволук тийиштүүлүгүнө жараша | 2025-2026 жж – 100,0 млн сомго жакын<br>2027-2030 жж – 500,0 млн. сомго жакын | РСЧБ, Республикалык бюджет, ЖӨБОнун бюджети, СПАнын каражаттарынын эсебинен |

| № | Сунушталуучу чаралар/аракеттер | Ишке ашырылуу мөөнөттөрү | | Күтүлгөн натыйжалар | Аткаруучулар | Финансылык каражаттарга карата күтүлгөн керектөөлөр (болжолдуу) | Сунушталган каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кыска мөөнөттүү мезгил 2025-2026-ж.ж. | Узак мөөнөттүү мезгил 2027-2030-ж.ж. | | | | |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| 4. | 1-2 жаңы БДР же БСР куруу жана ишке киргизүү | 1-2 жаңы БДР же БСР курууну баштоо | 1-2 жаңы БДР же БСР курууну аяктоо | Сыйымдуулугу 0,5 млн. м³ болгон 1-2 жаңы БДР же БСР эксплуатацияга берилди;<br>- 700 – 2 000 га айыл чарба жерлеринин суу жеткирүү аянттары кеңейтилди жана сугаруу иштери жакшыртылды;<br>- Айыл чарба жерлерин сугаруу үчүн суу ресурстарын рационалдуу жана үнөмдүү пайдалануу;<br>- Сугат сууларынын жыл сайынкы жоготуулары 10%дан 15%га чейин азайтылды. | РСЧБ /РМА / ЖӨБО, ведомстволук тийиштүүлүгүнөн көз карандылыкта. | 2025-2026 ж.ж. – болжол менен 100,0 млн. сом 2027-2030 ж.ж. – болжол менен 300,0 млн. сом | РСЧБ (МВСХПП), Республикалык бюджет жана ЖӨБО бюджеттери, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр (макулдашуу боюнча) |
| 5. | Сугат сууларын БСРге, магистралдык жана чарба ичиндеги каналдарга жеткирүүнү көзөмөлдөөнүн автоматтык системаларын ишке киргизүү | Сугат сууларын БСРге, магистралдык жана чарба ичиндеги каналдарга жеткирүүнү көзөмөлдөөнүн автоматтык системаларын ишке киргизүү боюнча биринчи кезектеги иштер башталды | Сугат сууларын БСРге, магистралдык жана чарба ичиндеги каналдарга жеткирүүнү көзөмөлдөөнүн автоматтык системаларын ишке киргизүү боюнча биринчи кезектеги иштер аяктады | - Сугат сууларын көзөмөлдөөнүн автоматтык системалары Ала-Буга, Кара-Бүргөн, Баетов, Тоголок-Молдо айыл аймактарынын БСР, магистралдык жана чарба ичиндеги каналдарына ишке киргизилди;<br>- Сугат сууларын суу пайдалануучуларга жеткирүүнү уюштуруу, пландаштыруу жана эсепке алуу жакшыртылды;<br>- Сугат сууларынын жыл сайынкы жоготуулары 3%дан 5 % га чейин азайтылды. | РСЧБ /РМА / ЖӨБО ведомстволук тийиштүүлүгүнөн көз карандылыкта. | 2025-2026 ж.ж. 1,3-2,0 млн. сомго чейин 2027-2030 ж.ж.5,0 до 10,0 млн. сом | РСЧБ (МВСХПП), Республикалык бюджет жана ЖӨБО бюджеттери, АВП каражаттарынын эсебинен, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр (макулдашуу боюнча) |
| 6. | Приоритеттүү тартипте чара көрүү талап кылынган участоктордогу суу жеткирүүчү иштебеген скважиналарды кайрадан калыбына келтирүү | Биринчи кезектеги участоктордо 5 суу жеткирүүчү иштебеген скважиналарды кайрадан калыбына келтирүү | Экинчи кезектеги участоктордо 10-15 суу жеткирүүчү иштебеген скважиналарды кайрадан калыбына келтирүү | - Ала-Буга, Кара-Бүргөн, Баетов, Тоголок-Молдо айыл аймактарынын биринчи жана экинчи кезектеги участокторунда болжол менен 25 суу жеткирүүчү иштебеген скважиналар кайрадан калыбына келтирилди;<br>- Айыл чарба жерлеринин суу жеткирүү аянттары кеңейтилди жана сугаруу иштери жакшыртылды. | РСЧБ /РМА / ЖӨБО, ведомстволук тийиштүүлүгүнөн көз карандылыкта | 2025-2026 ж.ж. 10,0-30,0 млн. сомго чейин 2027-2030 ж.ж. 50,0-70,0 млн. сомго чейин | РСЧБ (МВСХПП), Республикалык бюджет жана ЖӨБО бюджеттери, АВП каражаттарынын эсебинен, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр (макулдашуу боюнча) |
| 7. | Приоритеттүү тартипте чара көрүү талап кылынган участоктордо жаңы ири скважиналарды куруу жана бургулоо | Приоритеттүү тартипте чара көрүү талап кылынган участоктордо 3 жаңы ири | Приоритеттүү тартипте чара көрүү талап кылынган участоктордо 10-15 жаңы ири | – Алгачкы жана экинчи кезектеги тилкелерде 20 жаңы скважиналар пайдаланууга берилди;<br>– айыл чарба жерлеринде жерди айдоо аянттары кеңейтилди жана сугаруу жакшыртылды; | РСЧБ, РМА жана ЖӨБО менен биргеликте | 2025-2026 жж – 15,0 млн сомдон 30,0 млн. сомго чейин | РСЧБ (МВСХПП), Республикалык бюджет жана ЖӨБО бюджеттери, |

| № | Сунушталуучу чаралар/аракеттер | Ишке ашырылуу мөөнөттөрү | | Күтүлгөн натыйжалар | Аткаруучулар | Финансылык каражаттарга карата күтүлгөн керектөөлөр (болжолдуу) | Сунушталган каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кыска мөөнөттүү мезгил 2025-2026-ж.ж. | Узак мөөнөттүү мезгил 2027-2030-ж.ж. | | | | |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| | | скважиналарды куруу жана бургулоо | скважиналарды куруу жана бургулоо | | | 2027-2030 жж – 50,0 млн дан 80,0 млн. сомго чейин | АВП каражаттарынын эсебинен, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр (макулдашуу боюнча) |
| 8. | Айыл чарба жерлерине суу жеткирүү жана ирригация максаттарында колдонулуп жаткан насостук станцияларды калыбына келтирүү жана жаңы насостук станцияларды куруу | Биринчи кезектеги ар бир айыл аймакта колдонулуп жаткан насос станцияларын калыбына келтирүү жана 1-2 жаңы насос станциясын куруу | Экинчи кезектеги ар бир айыл аймакта колдонулуп жаткан насос станцияларын калыбына келтирүү жана 3-4 жаңы насос станциясын куруу | Ала-Буга, Кара-Бүргөн, Баетов, Тоголок-Молдо айыл аймактарында айыл чарба жерлерине суу жеткирүү жана ирригация максаттарында колдонулуп жаткан насостук станциялар калыбына келтирилди жана 20 жаңы насостук станциялар эксплуатацига киргизилди;<br>– - Айыл чарба жерлеринин суу жеткирүү аянттары кеңейтилди жана сугаруу иштери жакшыртылды; | РСЧБ, РМА жана ЖӨБО ведомстволук тийиштүүлүгүнө жараша | 2025-2026 жж – 4,0 млн сомдон 6,5 млн. сомго чейин<br>2027-2030 жж – 9,0 млн дан 12,0 млн. сомго чейин | РСЧБ (МВСХПП), Республикалык бюджет жана ЖӨБО бюджеттери, АВП каражаттарынын эсебинен, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр (макулдашуу боюнча) |
| 9. | Илимий мекемелер менен биргеликте климаттын өзгөрүүсүнүн шарттарында айыл чарба өсүмдүктөрүнө суу жеткирүүнүн ыңгайлаштырылган, райондо колдонулуучу ченемдерин иштеп чыгуу жана практикага киргизүү | Айыл чарба өсүмдүктөрүнө суу жеткирүүнүн ыңгайлаштырылган ченемдерин иштеп чыгуу жана практикага киргизүү | Айыл чарба өсүмдүктөрүнө суу жеткирүүнүн ыңгайлаштырылган ченемдерин иштеп чыгуу жана практикага киргизүү | Илимий мекемелер менен биргеликте климаттын өзгөрүүсүнүн шарттарында айыл чарба өсүмдүктөрүнө суу жеткирүүнүн ыңгайлаштырылган, райондо колдонулуучу ченемдерин иштеп чыгарылды жана практикага киргизилди | РСЧБ /РМА / ЖӨБО | Кошумча каржылоону талап кылбайт | Кошумча каржылоону талап кылбайт |
| 10. | Сугат сууларын натыйжалуу чогултууга жана себилген айыл чарба өсүмдүктөрүнө жана көп жылдык өсүмдүктөргө ным чогултууну уюштуруу чараларын кабыл алуу | Сугат сууларын натыйжалуу чогултууга жана себилген айыл чарба өсүмдүктөрүнө жана көп жылдык өсүмдүктөргө ным чогултууну уюштуруу чараларын кабыл алуу | Сугат сууларын натыйжалуу чогултууга жана себилген айыл чарба өсүмдүктөрүнө жана көп жылдык өсүмдүктөргө ным чогултууну уюштуруу чараларын кабыл алуу | - Сугат сууларын натыйжалуу чогултууга жана себилген айыл чарба өсүмдүктөрүнө жана көп жылдык өсүмдүктөргө ным чогултууну уюштуруу чаралары кабыл алынды<br>– Күндүзгү жана суткалык жөнгө салуу бассейндерин максималдуу көлөмгө чейин толтуруу аркылуу ным чогултуучу жана вегетациялык сугаттарды үзгүлтүксүз уюштурууга шарттар түзүлдү | РСЧБ /РМА / ЖӨБО, АВП | Кошумча каржылоону талап кылбайт | Кошумча каржылоону талап кылбайт |
| | | | | **2. Айыл чарба/ өсүмдүктөрдү өстүрүү /багбанчылык** | | | |
| 11. | Дыйкан (фермердик) чарбаларга алардын өз жерлерине суу жеткирүүнүн | 40-80 дыйкан (фермердик) чарбасына | 200-300 дыйкан (фермердик) чарбасына | Болжол менен 400 дыйкан (фермердик) чарбасы Мамлекеттен колдоо алышып, анын ичинде | РМА / ЖӨБО | 100,0-150,0 млн. сомго чейин | Республикалык бюджет, анын |

| № | Сунушталуучу чаралар/аракеттер | Ишке ашырылуу мөөнөттөрү | | Күтүлгөн натыйжалар | Аткаруучулар | Финансылык каражаттарга карата күтүлгөн керектөөлөр (болжолдуу) | Сунушталган каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кыска мөөнөттүү мезгил 2025-2026-ж.ж. | Узак мөөнөттүү мезгил 2027-2030-ж.ж. | | | | |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| | тамчылатма, дискреттүү жана чачыратма, жамгыр сыяктуу, гидропондук ыкма менен сугаруунун системаларын ишке киргизиши үчүн мамлекет тарабынан колдоо көрсөтүү | суу жеткирүүнүн тамчылатма, дискреттүү жана чачыратма, жамгыр сыяктуу, гидропондук ыкма менен сугаруунун системаларын ишке киргизиши үчүн мамлекет тарабынан колдоо көрсөтүү | суу жеткирүүнүн тамчылатма, дискреттүү жана чачыратма, жамгыр сыяктуу, гидропондук ыкма менен сугаруунун системаларын ишке киргизиши үчүн мамлекет тарабынан колдоо көрсөтүү | жеңилдетилген насыя алуу аркылуу өз жерлерине суу жеткирүүнүн тамчылатма, дискреттүү жана чачыратма, жамгыр сыяктуу, гидропондук ыкма менен сугаруунун системаларын ишке киргизишти;<br>- Айыл чарба жерлерин сугаруу үчүн суу ресурстарын рационалдуу жана үнөмдүү пайдалануу;<br>- Дыйкан (фермердик) чарбалары үчүн климаттык тобокелдиктердин таасирин азайтуу | | | ичинде, агроөнөржай комплексине жеңилдетилген насыя берүү каражаттарынын эсебинен жана ЖӨБО бюджеттери, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр (макулдашуу боюнча) |
| 12. | Инвесторлор үчүн сапаттуу долбоорлорду даярдоо аркылуу райондун айыл чарбасына чет өлкөлүк, жеке жана башка инвестициялардын көлөмүн жогорулатуу боюнча чараларды кабыл алуу. | Райондун айыл чарбасына чет өлкөлүк, жеке жана башка инвестициялардын көлөмүн жогорулатуу боюнча чараларды кабыл алуу. | Райондун айыл чарбасына чет өлкөлүк, жеке жана башка инвестициялардын көлөмүн жогорулатуу боюнча чараларды кабыл алуу. | Инвесторлор үчүн сапаттуу долбоорлорду даярдоо аркылуу 2030-жылга чейин райондун айыл чарбасына чет өлкөлүк, жеке жана башка инвестициялардын көлөмүн үч эседен кем эмес жогорулатууга жетишилди. | РМА / ЖӨБО | Кошумча каржылоону талап кылбайт | Кошумча каржылоону талап кылбайт |
| 13. | Чакан жана рентабелдүү эмес дыйкан (фермердик) чарбаларга, айылдык товар өндүрүүчүлөргө, алардын натыйжалуулугун жогорулатуусу жана ири товардык өндүрүштү көбөйтүүсү жана потенциалды, экономикалык натыйжалуулукту жана кирешелүүлүктү өстүрүүсү үчүн кооперативдик же чарба жүргүзүүнүн башка формаларында бирикмелерди түзүүсүнө, интеграциянын башка формаларында ыктыярдуу биригүүсүнө мамлекет тарабынан колдоо (жеңилдетилген насыя берүү, дотациялык колдоо) көрсөтүү. | Чакан жана рентабелдүү эмес дыйкан (фермердик) чарбаларга, айылдык товар өндүрүүчүлөргө интеграциянын башка формаларында ыктыярдуу биригүүсүнө мамлекет тарабынан колдоо көрсөтүү. | Чакан жана рентабелдүү эмес дыйкан (фермердик) чарбаларга, айылдык товар өндүрүүчүлөргө интеграциянын башка формаларында ыктыярдуу биригүүсүнө мамлекет тарабынан колдоо көрсөтүү. | – Жыл сайын 50-80ге чейин чакан жана рентабелдүү эмес дыйкан (фермердик) чарбаларына, айылдык товар өндүрүүчүлөргө, алардын натыйжалуулугун жогорулатуусу жана ири товардык өндүрүштү көбөйтүүсү жана потенциалды, экономикалык натыйжалуулукту жана кирешелүүлүктү өстүрүүсү үчүн кооперативдик же чарба жүргүзүүнүн башка формаларында бирикмелерди түзүүсүнө, интеграциянын башка формаларында биригүүсүнө мамлекет тарабынан колдоо көрсөтүлдү;<br>– Ирилештирилген дыйкан (фермердик) чарбалардын кирешелеринин өсүшү, айыл чарбалык товар өндүрүүчүлөрдүн жашоо сапатынын жогорулашы;<br>– Дыйкан (фермердик) чарбалары үчүн климаттык тобокелдиктердин таасири азайтылды. | РМА / ЖӨБО | 20,0-40,0 млн. сомго чейин | Республикалык бюджет, анын ичинде, агроөнөржай комплексине жеңилдетилген насыя берүү каражаттарынын эсебинен жана ЖӨБО бюджеттери, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр (макулдашуу боюнча) |

| № | Сунушталуучу чаралар/аракеттер | Ишке ашырылуу мөөнөттөрү | | Күтүлгөн натыйжалар | Аткаруучулар | Финансылык каражаттарга карата күтүлгөн керектөөлөр (болжолдуу) | Сунушталган каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кыска мөөнөттүү мезгил 2025-2026-ж.ж. | Узак мөөнөттүү мезгил 2027-2030-ж.ж. | | | | |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| 14. | Ала-Буга, Кара-Бүргөн, Баетов, Тоголок-Молдо айыл аймактарынын дыйкан (фермердик) чарбаларына өздөрүнүн чарбаларын породасыз мал чарбачылыктан жана рентабелдүү эмес өсүмдүк өстүрүүчүлүктөн – аз продуктивдүү жерлерде бакчаларды мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн аянттарын көбөйтүү үчүн багбанчылыкка өтүүгө, суу скважиналарын жана сууну тамчылатма ыкма менен жеткирүү системаларын орнотууга мамлекеттик колдоо көрсөтүү | Дыйкан (фермердик) чарбаларга өздөрүнүн чарбаларын багбанчылыкка өткөрүүсүнө, суу скважиналарын жана сууну тамчылатма ыкма менен жеткирүү системаларын орнотуусуна мамлекеттик колдоо көрсөтүү. | Дыйкан (фермердик) чарбаларга өздөрүнүн чарбаларын багбанчылыкка өткөрүүсүнө, суу скважиналарын жана сууну тамчылатма ыкма менен жеткирүү системаларын орнотуусуна мамлекеттик колдоо көрсөтүү. | – 50-100гө жакын дыйкан (фермердик) чарбалар өздөрүнүн чарбаларын породасыз мал чарбачылыктан жана рентабелдүү эмес өсүмдүк өстүрүүчүлүктөн багбанчылыкка өткөрүштү, анын ичинде жеңилдетилген насыя колдонуу аркылуу аз продуктивдүү жерлерде бакчаларды мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн аянттарын көбөйтүү үчүн суу скважиналарын жана сууну тамчылатма ыкма менен жеткирүү системаларын орнотушту;<br>– Породасыз жана аз продуктивдүү малдын саны кыскартылды;<br>– Рентабелдүү эмес өсүмдүк өстүрүүчүлүктүн аянттары кыскарды;<br>– Сугат сууларын рационалдуу жана үнөмдүү пайдалануу;<br>– Багбанчылыкты өнүктүрүү (алма, алмурут, абрикос өстүрүү);<br>– Мөмө-жемиш өсүмдүктөрүн, анын ичинде итмурун, чычырканактын тикенексиз сортторун, карагат, кулпунай ж.б. өстүрүү;<br>– Аз продуктивдүү жайыттарды жана жерлерди натыйжалуу пайдалануу, заманбап ресурс үнөмдөөчү технологияларды ишке киргизүү. | РМА / ЖӨБО | 40,0-70,0 млн. сомго чейин | Республикалык бюджет, (МВСХПП), анын ичинде, агроөнөржай комплексине жеңилдетилген насыя берүү каражаттарынын эсебинен, ЖӨБО бюджеттери |
| 15. | Ала-Буга, Кара-Бүргөн, Баетов, Тоголок-Молдо айыл аймактарынын дыйкан (фермердик) чарбаларына айыл чарба өсүмдүктөрүнүн жогорку репродукциялуу кондициялык үрөндөрүн сатып алууну, сорт жаңыртууну, сорт алмаштырууну ишке ашыруу үчүн жыл сайынкы дотациялык каражаттарды бөлүп берүү. | Жогорку репродукциялуу кондициялык үрөндөрүн сатып алууну, сорт жаңыртууну, сорт алмаштырууну ишке ашыруу үчүн жыл сайын дотациялык каражаттарды бөлүп берүү. | Жогорку репродукциялуу кондициялык үрөндөрүн сатып алууну, сорт жаңыртууну, сорт алмаштырууну ишке ашыруу үчүн жыл сайын дотациялык каражаттарды бөлүп берүү. | – Ала-Буга, Кара-Бүргөн, Баетов, Тоголок-Молдо айыл аймактарынын дыйкан(фермердик) чарбаларына айыл чарба өсүмдүктөрүнүн жогорку репродукциялуу кондициялык үрөндөрүн сатып алууну, сорт жаңыртууну, сорт алмаштырууну ишке ашыруу үчүн жыл сайын дотациялык каражаттар бөлүнүп берилүүдө;<br>– Рентабелдүү эмес өсүмдүк өстүрүүчүлүктүн аянттары кыскарды;<br>- Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн өндүрүмдүүлүгүн жана түшүмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар ишке ашырылды | РМА / ЖӨБО | Жыл сайын 7,0 млн сомдон 12,0 млн. сомго чейин | Республикалык бюджет, (МВСХПП), анын ичинде, агроөнөржай комплексине жеңилдетилген насыя берүү каражаттарынын эсебинен, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр (макулдашуу боюнча) |
| 16. | Жашыл чечимдерди, жашыл биотехнологияларды, климаттын өзгөрүүсүнө ыңгайлашуу боюнча | Ийне жалбырактуу дарактарды жана бадалдарды, башка бак- | Ийне жалбырактуу дарактарды жана бадалдарды, башка бак- | Жашыл чечимдерди, жашыл биотехнологияларды, климаттын өзгөрүүсүнө ыңгайлашуу боюнча технологияларды, жасалма интеллектти жана башка | РМА / ЖӨБО | 15,0 тен 20,0 млн. сомго чейин | Республикалык бюджет, (МВСХПП и |

